# Өмүр баян

Жамгырчиев Бердибек Шейшенбекович 1987-жылы Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районуна караштуу Ак-Терек айылында туулган. 2005-жылы орто мектепти бүтүргөн соң; Кусеин Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык Университетинин (БГУ) кыргыз филологиясы факультетине тапшырып 2010-жылы ийгиликтүү аяктаган. 2007-жылы Мамлекеттик патент кызматы уюштурган жалпы ЖОЖдор аралык "Биз таланттарды издейбиз"-аттуу конкурста 1-орунду алган. 2011-жылы Кыргыз радиосу уюштурган "Таланттар таймашы" конкурсунда 1-орунду алган, 2013-жылы алгачкы "Жүрөктө калган бир ысым", аттуу поэтикалык китеби чыккан. Жолон Мамытов атындагы коомдук фонду уюштурган "Поэзия муундарды бириктирет"-аттуу конкурста "Жүрөктө калган бир ысым" китеби "Эң мыкты поэтикалык китеп"-деп табылып 1-орунду алган. 2013-жылы Кыргыз Улуттук Жазуучулар союзу тарабынан "Алтын Калем" сыйлыгы менен сыйланган. 2015-жылы Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты болгон. Мамлекеттик Тил комиссиясы уюштурган "Менин энем" конкурсунда "Эне жүрөгү" аттуу ыры гран приге ээ болгон. 2016-жылы Кыргыз улуттук жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган. 2018-жылы “Кыргыз тили” төш белгисин алган, 2019-жылы Э.Эрматов атындагы сыйлыктын лауреаты болгон. Бир нече Ардак грамота, Дипломдордун ээси.